# МААЛЫМАТ
## КЖБРне 03-003-2021-007143 сотко чейинки өндүрүш иш боюнча

2021-жылдын 09-июль күнү, Бишкек шаарынын Свердлов РИИБнын начальниги милициянын полковниги [redacted] наамына, Свердлов РИИБнын ЭММКАКтын ыкчам-опер кызматкери милициянын ага лейтенанты [redacted] уулу билдирме менен кайрылган. Анда, 09.07.2021-ж. Бишкек шаарынын Куреңкеев көчөсүнүн жашоочулары тарабынан, "Антонина" аттуу аял "Ишеним" партиясына шайлоого мыйзамсыз үгүттөп акча таратып, добуш сатуу менен алектенип жатат деген маалымат келгендигин көрсөткөн.

Аталган маалымат 09.07.2021-ж. ЭМКЖга 02-003-2021-013941 саны менен катталып, текшерүү иштери жүргүзүлгөн.

Текшерүүнүн жыйынтыгында, аталган факты аныкталып 09.07.2021-ж. КЖБРне 03-003-2021-007143 саны менен Кыргыз Республикасынын КЖКнин 192-бер. менен катталып, сотко чейинки өндүрүш иши башталган.

[redacted]-ж.т., Бишкек ш. Суюмбаев көч. [redacted] тургуну, 2-топтогу майып. Ал, өзүнүн көрсөтмөсүндө, 2021-жылдын 9-июль күнү болжол менен саат 17:00 чамасында, үйүнүн эшигин такылдатып 35-40 жаштагы, европа улутундагы бейтааныш аял келип, өзүн "Ишеним" партиясынын агитатору боломун деп тааныштырып, аталган партияга добуш берип коюңуз деп суранып, партиянын агитациялык материалын берген. [redacted] агитациялык материалды алып, ичин окуюн деп ачканда 500 сомдук купюрадан 1000 (миң) сом акча чыккан. Европа улутундагы аял, [redacted] агитациялык материалды берип жатып, квартальный [redacted] берди деп кеткен. Андан соң, [redacted] квартальный болуп иштеген [redacted] телефон чалып чакырып, таштап кеткен акчаны көрсөткөн учурда, ал акчага эч кандай тиешеси жоктугун айтып, милиция кызматкерлерине кабар берген. Арадан болжол менен 30 мин жетпей милиция кызматкери барып, [redacted] өз ыктыяры менен алган 1000 сом акчаны жана агитациялык буклетти тергөөчүгө өткөрүп бергендигин көрсөткөн.

[redacted]-ж.т., Бишкек ш., Окрайная көч. [redacted] үй тургуну. Ал өзүнүн көрсөтмөсүндө, "Ишеним" партиясына өз ыктыяры менен агитатор болуп иштегендигин, бирок официалдуу түрдө келишим түзбөгөндүгүн, 2021-жылдын 9-июль күнү болжол менен саат 17:00 чамасында, [redacted] келип агитациялык материал жана 1000 (миң сом) акча каражатын өз ыктыяры менен, "Ишеним" партиясынын өкүлдөрүнө же кандидаттарына айтпастан жардам катары бергендигин, ал мыйзамга каршы келе тургандыгын билбей тургандыгын, күнөөсүн мойнуна алгандыгын көрсөткөн.

[redacted] менен [redacted] ортосунда беттештирүү жүргүзүлүп, ал жерде [redacted] таанып, 1000 сом акча таштап кеткендигин көрсөткөн.

Ошондуктан, А.Маслакова “Ишеним” партиясынын официалдуу түрдө агитатору болуп Бишкектик аймактык шайлоо комиссиясында катталганбы же жокпу деген суроо кат жөнөтүлүп, жообу А.Маслакова агитатор болуп катталбагандыгы көрсөтүлгөн.

15.07.2021-ж. [redacted] ж.т. **Маслакова Антонина Викторовнага** Кыргыз Республикасынын КЖКнин 192-бер. 1-бөл. каралган кылмыш курамы боюнча шектенүү жөнүндө кабарлама берилип, андан келип туруу жөнүндө милдеттенме алынган.

21.07.2021-ж. А.Маслаковага карата айыптоо актысы түзүлүп, аны бекитип, соттук кароого жөнөтүү максатында чыгыш №22/3-3476 саны менен Бишкек шаарынын Свердлов райондук прокуратурасына жөнөтүлдү.

**Бишкек шаарынын Свердлов РИИБнын Тергөө кызматы**